ББК 84 Ки 7—5
С 21

Редакциялык коллегия:
О. Султанов (башкы редактор),
С. Каипов (жооптуу секретарь)
С. Жусуев, Б. Рыспаев, Т. Үмөталиев, К. Бобулов,
Э. Турсуналиев, Ж. Таштемиров, Д. Сулайманов,

Баш сөзүн жазган *О. Султанов*

Түзүүчүсү жана комментариясын жазган Ж. Таштемиров

Сүрөтүн тарткан *Т. Т. Герцен*

**Сатылганов Токтогул.**

С 21 Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы: /Редкол.: О. Султанов (башкы ред.), ж. б. Баш сөз. жаз. О. Султанов; Түз. ж-а комментариясын жаз. Ж. Таштемиров ; Сүрөтүн тарткан Т. Т. Герцен.— Ф.: Адабият, 1989.— (Мурас).

Т. I: Ырлар.—1989.—264 б.

ISBN 5-660-00031-2

Бул китеп улуу демократ-акындын 125 жылдык юбилейине байланыштуу жарык көргөн тандалган чыгармаларынын биринчи томдугу болуп эсептелинет. Жыйнакка акындын ар кандай темадагы ырлары, айтыштары топтоштурулду.

С $\frac{4702300200-82}{М\ 455\ /11/\ -89}$ 3. 89

ББК 84 Ки 7—5

Имя Токтогула — основоположника киргизской советской акынской поэзии, акына-демократа — золотыми буквами вписано в историю киргизской литературы. Книга издается к 125-летию со дня рождения акына

ISBN 5-660-00031-2

© «Адабият» басмасы, 1989.

# ТҮБӨЛҮК КЕНЧ

Ар кандай элдин көркөм ой жүгүртүүсүн, дүйнөгө философиялык көз карашын өзүнүн көркөм өнөрү аркылуу чагылдырган чыгаан окулдору — ошол элдин улут катары кулк-мүнөзүн, логикасын, психологиялык белгилерин тереңден кеңири мүнөздөбөй койбойт.

Кыргыз элинин ошондой даанышман, ар тараптуу талант даарыган, жаштайынан ысымы элдин рухуна сиңип кеткен, ушул жылы туулган күнүнөн бери 125 жыл болгон, кыргыз элинин улуу демократ акыны, композитору Токтогул Сатылганов.

Бул ысым кыргыз баласына бешиктен бели чыга электен баштап, кылымдан ашуун тили десе тили, үнү десе үнү болуп, элдин сыймыгы болуп келатат.

Өзүнүн жөнөкөйлүгү, ары терендиги аркылуу өтө бийик көтөрүлгөн анын көркөм туундулары элибиздин канына табыйгы түрдө аралашып, андан бери эки-үч муун алмашкан бүгүнкү күндө улуттун аздектеген акыны, композитору болуп кала бериши бир четинен таң калтырса, бир четинен дилге батпаган сыймыкка бөлөйт.

Себеп дегенде, учурунда азыркы кездегидей өнүккөн искусствосуз, ар кайсы өрөөндө, жылга-сайларда, төр жайлоолордо күн кечирген кыргыз элине чолпон жылдыздай жаркырап таанымал болуу — мындай алганда, киши ишенбей турган жорук. Бирок, Токтогулдун эбегейсиз зор таланты бизди бул чындыкка ишендирип отурат.

Токтогулдун ооздон оозго өтүп, дилден дилге жетип, балким, арасынан даана сөздөрү түшүп калып дегендей, бирок, ошентсе да, даанышмандыктын күчтүү магнитинин тартуу күчү жоголбой бүгүн-

кү күнгө жетип, жөнөкөй гана жетпей, поэтикалык көркөмдүктүн бийик үлгүсү катары кызмат өтөп турушу — Токтогулдун гений экендигин ырастайт.

Токтогулдун кагаз бетине түшпөй, ар жолу нөшөрлөп сабаган тоо жамгырдай агылган ырларынын сайда сансыз, кумда изсиз калганы эсиңе кыстарыла түшкөндө жүрөгүң сыздап тим болосуң.

Токтогул — Токтогул болуш үчүн ушул эки китепке сыйдырылган гана ырлар жаралбаган чыгар...

Деген менен, Токтогулдун кайсы гана чыгармасын окубайлы — өмүр менен өлүмдүн, арзуу менен өксүүнүн толуу менен кемүүнүн, жетиктик менен наадандыктын, айтор, бул жашоонун бардык карама-каршылыгын туюнуп, эсирген кезде эсиңе келип, бозоргон чакта көзүң ачыла түшөсүң. Мына ушуну элдин аң-сезими, рухунун чагылышы дебейт бекенбиз?!

Токтогулдун ырлары турмуш китеби. Музыкасы — өмүр кайрыктары. Ар кандай чоң акын, чоң музыкант — акын катары, музыкант катары өз өмүрү жылоологон жылдарды ар түрдүү мотивде, ар кандай тоналдуулукта көркөм эркиндик менен шөкөттөп ырдаган.

Андай десек, ушул колдо бар чыгармаларынын өзүнөн дүйнөнүн өзүндөй түркүм, ар кыл санжырга байлыкты көрөбүз: жалынсыз күйгөн армандуу арзуу, акыл-эстин бышыкчылыгынын «Терме», «Санаты», «Агарып сакал картайган» кейиштүү карылыктын «Үлгү», «Насыяты», «Өмүрдүн» өлүм менен чектешкен трагедиялуу жалгашуусу, ал ар жагы «Калкымдан кетсем аман бол, калдайган кыргыз жергеси» деген өлбөстүктүн канагат алган оптимисттик реквием «Дүнүйөсү».

Дүйнөлүк поэтиканын казнасында эң сонун арзуу ырларынын үлгүлөрү бар. Ар бир эл аларды өмүр жолун өзөктөп ырдап өтүшөт. Бирок «Алымкандай» кыргыз баласы үчүн даана сыр билги, аялуу, жаш кылгырткан назик, ары терең салтка тунган арзуу ырын табуу кыйын.

Ар бир элдин философиялык наркка канган даанышман ырлары көп. Бирок кыргыз баласы үчүн «Ат арыбас болсочудай» өмүрдүн туруксуз өтүшүнө арналган ырлар эне сүтү менен кошо оозангандай өмүрүңдү аркалап барганы барган.

Токтогулдун ырларын дайыма коштоп жүргөн назик лиризм, сөз айкалыштарындагы тыбыштык гармония, чоң талантка үлүштүү жумшак юмор анын ырларына өзгөчө көрк берип, жагымдуу, уккулуктуу кылып, стилдик жактан айкын ажырымдап турат. Токтогулдун нагыз акындык демократтуулугун айгинелеген белгилердин негиздүүлөрү мына ушулар.

Токтогул — телегейи тегиз инсан.

Сабатынын жоктугуна карабастан учурдун ар кандай актуал маселелерине үн кошуп катышып, а түгүл түпкүлүгү терең саясий-атуулдук ырдын үлгүсүн жараткандыгы «Кандай аял тууду экен, Лениндей уулду» аттуу ырынан айкын көрүнөт. Кыргыз акындары Ленинге арнап көптөгөн ырларды жазышты. Бирок, бул ыр көркөм масштабы, саясий жетиктиги, поэтикалык терендиги жагынан кыргыз совет поэзиясындагы Лениниананын ары төл башы, ары орчундуусу.

Токтогулдун күчтүү акындык кудуретине шайкеш келген анын балбан композиторлук талантын айтуу керек.

Анын жаз баарындагы макбал төрдөй жашылданып, жан кошүлткөн ырчы обонунан башка «Кербези», «Миң кыялы», «Тогуз кайрыгы» эмне деген көркөм байлык?

«Тогуз кайрыкты» угуп отурганда анын «Өмүр», «Карылык», «Дүнүйө» сыяктуу философиялык тереңдикке төнгөн классикалык ырларынын музыкалык вариациясын тыңдайсың, кошумча көркөм маалымат аласың. «Тогуз кайрыкка» өмүрдүн токсон кайрыгы бастырмаланып сыйдырылгандыгын аңдайсың.

Жаштыктын күүсү — «Миң кыял».

«Мин кыялда» акындын арзуу лирикасынын күүгө түшкөн мазмун-мааниси бар. Жаштыктын буруу-терүү, ойку-кайкы асемдүү жолдорун түшүнүп турасың. Көркөмдүк санжырган ого бетер байыйт. Угууга улам-улам куштарсың.

Мындайча бир жолбун ой келип кетет: Токтогулдун ар кайсы жерде, ар кайда агып кете берген эсеп-сансыз ырлары сыңары анын биаге жетпей калган эчен мукам күүлөрү бардыр. Балким, эл ичинде кимдир бирөө уламалап чертип жүргөндүр?!

Советтик доордун улуу демократ акыны, композитору катарында

Токтогулдун ысымы бүткүл дүйнөгө белгилүү болду. Акын өзүнүн эркиндикти көксөгөн ырлары менен катар Октябрь революциясынын жеңишин өрөпкүп ырдап чыкты. Өзүнүн тууган элин, Лениндин идеяларын ишке ашырууга үндөгөн ырларын айтып калууга үлгүрдү. Чоң өзгөрүш чоң акынга өзгөчө таасир берди.

Токтогул жөнүндө кыйла эмгектер жазылды. Көркөм фильмдер тартылды. Анын образы скульптурада, живописте, музыкада ишке ашырылды.

Бирок Токтогулдун өмүр жолун, чыгармачылыгын терең изилдеген фундаменталдуу адабий, философиялык, музыкалык профессионал эмгектердин жазылышы улам жаңы келе турган муундардын үлүшүнө таандык. Анын көркөм мурасынын сыры терең. Ар бир муун акындын генийин өзүнчө көрүп, өзүнчө ачат. Анткени Токтогул кыргыз элинин түгөнбөс кенчи.

***Омор СУЛТАНОВ***

## ЖҮРГӨНҮМ КАБАК ЖЕР БОЛДУ

Жалчы болуп жалдырап,
Жүргөнүм Кабак жер болду.
Кара ташы калдырап,
Ашканым аска бел болду.

Кызыл-Бейит, Кулама,
Кыйналганды сураба,
Үмүт кылам айтар деп,
Бул күндү кийин улама[1].

Казанбак качан сыйлады?
Карып энем ыйлады...
Картайганда атакем
Кара жанын кыйнады.

Кедейде ырыс болбоду,
Кесирлүү кызыр конбоду.
Келе турган бакты жок
Казанбак бизди кордоду.

Карабады жашыма,
Капалык түшөт башыма.

---

[1] Улама — окумуштуу, тарыхчы.

Тамашага баралы,
Тапканды бөлүп алалы.
Коңур-өгүз жеринде.
Өйүзгү саяк элинде
Эл чогулуп конот дейт,
Эртең аш кеңеши болот дейт,
«Коногун алып бөлөт» — дейт
«Ырчысын ылгап көрөт» — дейт.

Т о к т о г у л :

Жүрсөң, жүргүн, кетели,
Эшенди тооруп нетели.
Ушулардан эч кимдин
Узарбаган этеги.



## ЖЫРГАЛЫ СЕНДИК ДҮЙНӨНҮН

neşeli

Жайлоого чыккан гүлкайыр,
Жарашыктуу кыз шайыр.
Биле жүргүн, жигиттер,
Жайдары сулуу кыз жайын.
Акактай аппак алкымы,
Адамдын жайын бүт билген
Адамдан артык акылы.
Көйкөлгөн шибер саз менен,
Кошулушуп сүйлөшсөң,
Көркөм сулуу кыз менен.
Айдың жарык түн менен,
Айкалышып сүйлөшсөң,
Айнектей сулуу кыз менен.
Булбул, тоту үн менен,

Сырдашып сырды чечишсең,
Буралган сулуу уз менен,
Жай салкыны түн менен
Кызгалдак кызыл гүл менен.
Жашчылык өмүр сүрүшсө,
Жарашкан сулуу кыз менен.
Аргымак болсо мингениң,
Акылман сулуу жан болсо,
Абдан арзып сүйгөнүң.
Тор чалыш болсо мингениң,
Тотудай сулуу жар болсо,
Тобокел кылып сүйгөнүң.
Аргымак чалыш болсо дейм,
Астыңдагы мингениң,
Айнектей сулуу жар болсо,
Өмүрдүккө сүйгөнүң,
Өзгөчө болот жыргалы
Өтүп кетчү дүйнөнүн.
Гүлдөн чөлгө кайрылбай,
Өмүрүң өтсө армансыз,
Сүйгөнүңдөн айрылбай...
Жашчылык гүлү ушундай,
Жаркылдап өмүр сүрүшсөң,
Өмүр бою бузулбай.
Атыр жел согот жай менен,
Жигитке таалай бүтпөйбү
Акылман сулуу жар менен?
Акылман болсо алганың,
Өлгөнүңчө сүрөрсүң
Өмүрдүн ширин жыргалын.
Көркөм кийим кийинип,
Көйкөлүп турса алдыңда,
Тамаша таттуу сөз айтып,
Жаркылдаса жанында.
Өз өмүрүң өткөнчө

Карасам окшош эмеспи
Койнуңдагы зайбыңа.
Эркек да болсо окшошот
Аялдардын жармына
Акын болуп чыккамын
Атка минип жашыман,
Айтып көндүм ар сөздү
Айткан октой башынан,
Келген сөздү кетирбейм,
Айтып ырдайм атынан,
Ырдын кени өзүмдө,
Нак кымыздай ачыган,
Айтсам алтын сөзүмдү
Адам уулу жашыган.

Кылбагын, болуш чырыңды,
Билбейсиң менин сырымды,
Кожо, молдо, эшендер
Жалган сөзгө сыйынды.
Адиңден ашкан болушсуң,
Кыласың күндө жыйынды,
Оокаты жок кедейге
Өз оюңдан чыгарып
Саласың күндө чыгымды.
Кордуктан кедей корккондо
Сатты го жалгыз сыйырды,
Көрсөтөсүң кедейге
Жанга жакпас кыйынды.
Келген эшен мейманың,
Күтүп жаткан адамың.
Алыстан келген ак эшен
Элден алдап алуунун
Эсебин таптың, жарадың.
Акыреттин ал-жайын
Барып көрүп келишет,

Кетериңде дүнүйө,
Айланып учкан торгойсуң.

Келериңде дүнүйө,
Адырдан соккон желдейсиң.
Кетериңде дүнүйө,
Кол жетпес аска белдейсиң.

Келериңде дүнүйө,
Ай менен күндөй жарыксың.
Кетериңде дүнүйө,
Таманы түшкөн чарыксың.

Келериңде дүнүйө,
Кош тегирмен ноодойсуң.
Кетериңде дүнүйө,
Көз жетпес бийик зоодойсуң.

Келериңде дүнүйө,
Алтын жагоо куштайсың.
Кетериңде дүнүйө,
Кышкы чилде муздайсың.

Келериңде дүнүйө,
Алтын така тулпарсың.
Кетериңде дүнүйө,
Артынан кууса жеткирбес,
Айланып учкан шумкарсың.

Келериңде дүнүйө,
Урууда күлүк дулдулсуң.
Кетериңде дүнүйө,
Уясын бузган булбулсуң.

Келериңде дүнүйө,
Ташкын дайра селдейсиң.

Келериңде дүнүйө,
Кериде жайык конушсуң.
Кетериңде дүнүйө,
Капкагы сынган комузсуң.

Келериңде дүнүйө,
Чытырман калың токойсуң,
Кетериңде, дүнүйө,
Жыртылган тери чокойсуң.

Келериңде дүнүйө,
Ак үйгө салган айнексиң.
Кетериңде дүнүйө,
Туткасы сынган чайнексиң.

Келериңде дүнүйө,
Ала кар жаткан бийиксиң.
Кетериңде дүнүйө,
Мергенден качкан кийиксиң.

Келериңде дүнүйө,
Көкөлөп өскөн чынарсың.
Кетериңде дүнүйө,
Шамалдан качкан тумансың.

Келериңде дүнүйө,
Толкуган көлдө шардайсың.
Кетериңде дүнүйө,
Томугу түшкөн тайдайсың.

Келериңде дүнүйө,
Жыйырма беш жаштайсың.
Кетериңде дүнүйө,
Жыдыган кара чачтайсың.
Келериңде дүнүйө,
Караңгы тамда чыраксың.

Кай жумушта турушат
Силердин кылар ойлоруң?
Кантип көрбөйт көзүңөр,
Эшен, калпа, бай-манап
Элдин канын соргонун.

Керимбайга келишкен
Калаадан чыгып солдаттар,
Анык балаа бай-манап,
Адамзатка жармашкан,
Эшен, калпа дагы бар
Бай-манапты жандашкан,
Букаранын оокатын
Үшүрү деп алдашкан.

Улук болсоң, сыначы,
Ишенбесең өзүмө,
Башкалардан сурачы!
Калаадан келген күнадыр[1],
Кулак салып угуптур
Токтогулдун ырларын,
Адилет болсоң, текшерчи
Кедейди байлар урганын,
Дүң букара көрбөдү
Дүнүйөнүн жыргалын.

Күнадыр, келдиң айылга,
Күн тийбес тоого жайында,
Улук болсоң көз салчы
Жарды-жалчы — жабырга.

Көрүнөө айткан сөзүмдү,
Күнадыр, уксун кулагың,

---

[1] Күнадыр — Губернатор деген сөз.

Бекеринче «чыгым» деп,
Байлап алат бий, болуш
Кедейдин жалгыз улагын,
Сен билбесең, ким билет
Зарлаган элдин убалын?
Көйнөгү жок кедейди
Балапанча басып жеп
Керимбай көрдү убайын.

Жарды-жалчы, кедейлер
Жаралганбы кем болуп?
Күн-түнү түшпөйт үстүнөн
Куур тону тер болуп,
Куураган кедей жүрөгү
Кайгы басып чер болуп,
Жүдөп жүрөт букара
Кузгундарга жем болуп,
Жүрө албады шордуулар
Бай-манапка тең болуп.

«Чыгым» деп алат малдарын,
Айрансыз коёт балдарын,
Алсыз кедей амал жок,
Көтөрөт байдын салганын.
Улук болсоң, алып бер
Кедейден байлар алганын.
Улуктун ишин билбесең,
Байдын сөзүн сүйлөсөң,
Сен да тартып алып кет
Букаранын калганын!..

Айдалдым Шибер жолуна,
Элебей жүргөн кезимде
Эшен чыкты шоруму.



## АЙДАЛЫП ЖӨНӨГӨНДӨ

Эки колум байлатып,
Элимден кармап айдатып,
Күнөө салды мойнума,
Каршыкты манап жолума.
Каргаша өлүм албаса,
Кайрылып келсем ордума,
Чыксам сологойдун оңуна,
Күрсүлдөгөн Дөбөт ай! —
Атакандын Керимбай,
Минсем, кара эшек кылып мойнуңа!
Карагыр, Арым жер калды,
Калың кыргыз эл калды.
Балээлүү ишке кептелтип
Бузуктар салды жаңжалды.

Ажырап менден турушат,
Акыл-эси айран эл
Айдоого чындап мен кеттим,
Аман бол эми, кайран жер.
Кызыл-Үңкүр, Деңдерим,
Кайналба, калган эрмегим.
Кыялдан асты кетпейт го
Кыятка кончу жерлерим.
Сары-Бурчуң, Дендерим
Сандаган сарттар элдерим,
«Сандалтып айдап кетти» — деп

Санаба, калган эрмегим!
Санаамдан кетпей жүрөт го
Салкында сарай үй тигип,
Саякат кылчу жерлерим
Карагай найза колго алып,
Бел кармашып турушуп,
Керимбай канкор ит менен
Кармашпайт белек бу жайда!
Атадан калган жериме,
Ак шумкар куштай айланып,
Аман келсе алтын баш!
Жазбаган сөздөн жаңылткан
Жалакордун боору таш.
Жалгандан колум байланып,
Жаралуу көздөн акты жаш.
Агаин тууган калың эл
«Аман бол» деймин өзүңдү.
Ажалга берди зулумдар
Айнектен тунук көзүмдү.
Ырайымсыз бу жоодон
Алсам деймин өчүмдү,
Албарсты баскан эмедей,
Арам пейил Керимбай,
Алсыратсам өзүңдү!
Улуу-кары, кичи-жаш,
Угуп кал айткан сөзүмдү:
Туткундан келсем бошонуп,
Тууганыма кошулуп,
Душмандан алам өчүмдү,
Тубаса макоо Керимбай,
Турпактай чукуйм көзүңдү.

## КЫЙЫНДЫК ТҮШТҮ БАШЫМА

Кыйындык түштү башыма,
Шириндиги болбосо,
Аманат жалган дүнүйө,
Ар кимге болбойт ашына,
Күнөсү жок, залимге
Кармалып кетип баратам,
Ой эми, каяктан келдим калкыма.
Алганымды томсортпой,
Жалгыз уулум Топчубай,
Баламын өңүн бозортпой,
Ак тузуң тартсын артыма,
Чың этип чымын учпаган,
Көк уюн көгөн тытпаган,
Жайлоом Арым, Суусамыр
Жайыты кенен жер калды,
Жалпы кыргыз эл калды,
Күнөсү жок, сурабай
Айдап кетип баратат,
Күндө салып мойнума,
Кыл чылбыр салып колума,
Кармап кетип баратат.
Өрдөк учуп коно албас,
Көлгө кетип баратам,
Өлгөндө добуш угулбас,
Чөлгө кетип баратам,
Жети атам туут көрбөгөн
Жерге кетип баратам.
Жазыксыз жашты кармады,
Жараткан башка салганы,
Аркамда жалгыз баламдын,
Атасынан айрылып,
Армандуу күндө кайгырып,

Ичинде калды арманы.
Толгон кыргыз калың эл
Жети атам кадам койгон жер,
Мен элиме келгенче,
Калкала жалгыз баламды.
Балыкты менен Мазар-Суу,
Кудайым сүйгөн Кутчу-Суу,
Атамдан калган алтын туу,
Анык чоң күч бар болсоң,
Ата арбагы жар болсоң,
Аркамда Эшмат, Топчубай
Асыра ини, баламды.
Тулпарын минип туу аштап,
Душманым келди жол баштап,
Туз насибим үзүлүп,
Тууганым, сенден ажырап,

Түрмөгө кеттим кыйгачтап.
Топтоп чыккан Кара-Тыт,
Токтогон жерим Балыгурт.
Жай жегеним сары май,
Жай жайлоом Карабай,
Жайытың тулаң малга жай,
Киндик кесип кир жууган
Атанын журту калды деп,
Алкымдан өтпөйт ичкен чай.
Ажалга кетип баратам,
Асырай көр, бир кудай!
Жалгыз-Өрүк, Белек-Таш,
Жалгаган жерим калды деп,
Жашып агат көздөн жаш,
Абалдан насип бар болсо,
Ат башы менен эр башы,
Кай жерде калбайт алтын баш.
Токтобек менен Белек-Таш

Токтогон жерим сен калдың.
Токтобой агат көздөн жаш.
Тозоктуу күнгө калды окшойт,
Томуктай болгон алтын баш.
Балдары бараң аткан жер,
Баркатта жаткан жер
Балапан багып чоңойткон
Аман калчы, кайран жер,
Көк-Мойнок, Шили, Кыркырак,
Көлөкө майдан, көк шибер
Көөнүмөн чыкпас буркурап,
Ак кептер учту пар калды,
Коёнек жүрчү сай калды.
Ай тийбес аска жар калды,
Көтөрөт экен буюрса,
Насипке кудай салганды.
Балдары жорго минген жер,
Келини торко кийген жер.
Сар-Чечекей, Жыланды,
Аман калгын, кайран жер.
Душманга кеттик кармалып,
Залимге кеттик айдалып,
Отуз төрт жашта оюлдум,
Ой-Конуш менен Моюдум,
Ойногон жерим калды деп,
Ок тийгендей чоюлдум.
Алтымыш киши айдалды,
Аркамдан жетип кармады,
Кудайдан коркпос залимден,
Асыра кыргыз арбагы,
Ажыдаар жаткан дабандан
Ашып кетчү бел кайда?
Аябай жанды сенден деп,
Каарданып камчы уруп,
Айтышып келчү эл кайда?

Аралаш бооруң болбосо,
Кайрылбайт экен мындайда.
Караны, акты билбеген,
Касамкор зулум турбайбы а!
Жетим уул, тул катын,
Арзын айтып ыйлаган,
Адамга зыян кылбаган,
Алты кетмен чапканда,
Аттай салы кулаган,
Айланайын Шамшыкал,
Асырай көр баламды
Азуусу кандуу шумкардан,
Арбашкан зулум булардан.
Боздоп калган апамда
Кайгылуу болуп жүрбөсүн.
Карыптык тартып жүдөсө,
Кас санашкан күлбөсүн.
Керегe кестим салаалап
Кеттим Кабак аралап,
Кедейге душман көп эле,
Кеткен бойдон келбейт деп,
Кеп кылгандар табалап.
Калың менен кармалып,
Кабак жол кеттим айдалып.
Касташкан душман көп эле,
Кармалды, кайтып келбейт деп,
Калгандыр бизди табалап.
Алеги жок шай калды,
Аркамда жарды эл калды,
Асыйга жаңы толду эле,
Ак туяк күлүк мал калды.
Алганынан ажырап,
Алынан тайып калтырап,
Алганым Тоту жар калды,
Кыпкызыл өңү бозоруп,

Атасынан ажырап,
Аркамда Топчу ал калды.
Чыттан көйнөк, чыт ыштан,
Башымда көргөн бир доорум,
Чабар камчы, сүйлөр тил,
Аркамда иним Эшматым,
Кантти экен жалгыз бир боорум?
Сыр айтпаймын душманга,
Зыркырап сынды бир колум.
Ак туяк эле мингеним,
Ак сүтүн берип эмизген,
Апакем калды үйдөгүм!
Алдап тамак жегизген,
Эмчегин ширин дегизген,
Үч маал ак сүт эмизген,
Апакем кантип калды экен?
Душманга чала дегизбең!
Кум-Кыя алыс кулан жол,
Кучакташып бирге өскөн,
Курбу-курдаш аман бол.

Айдалып кеттик алыс жол,
Азилдешип ойногон,
Ак гүлдөй жаштар аман бол.
Эр өлтүрүп, куш тартпай,
Нар өлтүрүп, пул тартпай,
Кылмышы жок, неси жок,
Кандайлыктан тарттык шор?
Жоргосун аттын мине өскөн,
Тоюнда торко кие өскөн,
Толкуган кыргыз, аман бол!
Айлаңар барбы алууга —
Ак болоттун мизинен,
Жыландын заар тилинен,
Артымдан жетип кубалап,

Арбагың барбы, көп кыргыз,
Ажыратып калууга?
Уругум кыргыз калың эл,
Улуу Кум-Бел, Кичи-Бел
Урматтуу элим сен калдың,
Аман бол эми, кайран жер.
Алтымыш киши кармалып,
Айласын таппай таң калып,
Амандашпай, коштошпой
Ага-иним калды саргайып,
Ок жаңылган куландай,
Куйругун үзгөн жыландай
Тууганым калды шалдайып,
Туткун кылып карматып,
Душмандын көбүн талкалап,
Тууралжы кылып койдук деп,
Душманым калды дагдайып,
Кашаты бийик жарсыңбы,
Карасам заман тарсыңбы?
Касам урбай, дарт чалбай,
Кармалып кетип баратам,
Биз бечара карыпты
Калкалар, кудай, барсыңбы?

## АЙЛАНГАН ТООНУН БҮРКҮТҮ

Күн тийбес тамда жатамын,
Күч кетип, эс ооп, алсырап,
Алдымдан нымдуу сыз өтөт,
Айласыз жатам жалдырап,
Козголор менде дарман жок,
Кол, бутта кишен шалдырап,
Тим жатсам дале сабашат,

## УШУНДАЙБЫ СУРАГЫҢ?

**(Түрмөгө бир улук киргенде Токтогулдун ырдаганы)**

Арыз айтам, кулак сал,
Калааны билген улугум.
Мен бир туткун мусапыр,
Алдыңда зарлап турумун,
Ажырап калды аркамда
Тирүүлөй жетим кулунум.

Эр өлтүрүп, кун тартпай,
Элимден келдим айдалып.
Эчтеме кылган күнөөм жок,
Эки колум байланып,
Куулуп келип жатамын,
Кур азапка кармалып.

Кармады мени Керимбай,
Каршылык менен каралап.
Алыстан келдим айдалып,
Кара жолдон, көп элден
Кайыр сурап, аралап,
Колу, бутум байланган
Али жүрөт жаралап.

Менин айткан сөзүмдү,
Улугум, уксун кулагың.
Азапта жүргөн адамдын,
Ойлосоң боло убалын.
Айдалып жүрүп нечен күн,
Каруум кетип турамын.
Аркама колум байланды,

## ЭЛИМЕ КАЧАН КЕТЕМИН?

Ойлоп бир ойлоп алалы,
Обондуу күүгө салалы.
Залим падыша, манаптын
Момунга тийди залалы.
Ажал менен өлүмдөн
Адамзат четте калабы?
Таамайлап комуз чалалы,
Таңшытып обон салалы.
Тарчылык күнгө туш кылган
Залимдердин заманы.
Тагдыр жетсе, өлүмдөн
Тартынган менен калабы?
Элиме качан кетемин?
Эрктүү болор бекемин?
Эсен барсам элиме,
Тилегиме жетемин.
Калкыма качан кетемин?
Камактан бошор бекемин?
Карып болуп кайран жан,
Кайгынын суусун кечемин.
Көкүрөктө муңумду,
Кандай күндө чечемин?
Шаңшыган тоонун бүркүтү
Жазыксыз торго чалындым,
Тутулуп келип түрмөдө,
Душмандын торун жамындым.
Күнөөсү жок кармалып,
Кеткис шорго малындым.
Чынжырдан кол-бут бошонбой,
Чырмалуу тордо жатабыз.
Чыгып кетер тешик жок,
Муңдуу күндө капабыз.

«Көрсөтөр бекен элди» деп,
Көңүлдү жолго сатабыз.
Мендей муңдуу миң-сан бар,
Баарыбында кайгы-зар.
Өмүрдү кескен күнөөсүз,
Залимдердин пейли тар.
Буттарыбыз шалдырттап,
Кишендеген аттайбыз,
Күнүгө күйүк бөлкө жеп,
Жаныбызды сактайбыз.
Жакшы сүйлөп койгонду,
Жан аябай мактайбыз.
Сакал, чачы агарган,
Жаш катары камалган.
Эч жазыгы жок туруп,
Залимге бузук саналган.
Жетимиш ашып сексенге,
Жашы жетип эң карган.
Жалпы муңдуу мусапыр,
Баарыбыз болдук бейдарман.
Өлбөй-житпей эл көрсөк,
Баарыбызда жок арман.
Какырынып түкүргөн,
Туралбай бели бүгүлгөн.
Түрткүлөп солдат айдаса,
Тирүү жандан түңүлгөн
Кары жатат кишенде.
Миң сандаган мусапыр,
Баары жатат кишенде,
Бу кара ниет залимди
Бошотот деп ишенбе!
Күндүздө өмүр саналып,
Күүгүмдөн кийин камалып,
Кайтарып турат солдаттар
Таң атканча шам алып.

Кантала менен бүргөдөн
Каруубуз кетет таланып.
Жер казабыз муңдуулар
Керээли-кечке сандалып.
Кетмен, күрөк дапдаяр
Колго берет камдалып,
Кечинде кайта камалып.
Мылтыктарын төшүңө
Кесеп турат солдаттар
Кезүүлөшүп кайтарып,
Балыгы сууда чалкыган,
Куулары көлдө калкыган,
Улары тоодон үн салган,
Кийиги зоодон тынч алган,
Бугусу кирип чакырган,
Элиги черде бакырган,
Жайлоосу жашыл жибектей,
Жери жумшак балкыган,
Токоюн жашыл бүр алып,
Булбулдары таңшыган,
Жыпар жыттуу асыл жер,
Жетемби сага, кыргыз эл?
Кайра барып көрөмбү
Же айдоодо жүрүп өлөмбү?
Жүрөгүм толгон кайгы-зар,
Ак элем, күнөөм кечилбей
Ар кимдин оозун караймын
Атасы өлгөн жетимдей.



## БОШ КОЙ БИР АЗ КОЛУМДУ!

...Төрөлүк кылсаң, бош койгун,
Чынжыр салбай, колумду.
Эр өлтүрүп койгонсуп,

Көрсөм деп жердеш тууганды.
Кудай неге албады
Тетиги кумсарган арам урганды?
Жалынсак да жыргал жок,
Же кудайды кудай урганбы?
Кайраты кетип Токтогул,
Каны качып кумсарды.
Элимден эч кабар жок,
Жылыбыз айлап узарды.
— Элимден кабар келсе,— деп,
Эки көзүм кызарды.
Акыйкат кудай бар болсо,
Айткан сөзүм тыңшарбы.

Өлөйүн десем жан таттуу,
Кирейин десем жер катуу,
Курсагым тойбойт, кантесиң?
Жей турган бөлкө-нан сатуу.
Бутумда кишен шалдырайт,
Менде кайда тынч жатуу?
Кыйналгандан жакшы дейм
Мылтык менен бир атуу!..

Кылмышы жок кыдырып,
Далай жерди бастыкпы?
Сакал басып сапсайып,
Өткөрдүкпү жаштыкты.
Каршы жүрдүк залимге,
Ал дагы биздин мастыкпы?
Жазыгы жок сандалдык,
Кудайдын кызын алдыкпы?
Каарына калдыкпы?
Эч нерсесин ойлобой,
Элибизге жаздыкпы?
Уурулук кылып кудайдын
Үйүнө кол салдыкпы?

Пайгамбарды какшыктап,
Балакетке калдыкпы?
Ушунча адам кордукта,
Же улуктар кылган тардыкпы?

Унуттум черткен комузду,
Улардай чыккан добушту,
Өмүрүмдө көрбөгөн
Жолдош кылдык орусту.
Башыма урса полицей,
Орустарым болушту.
Кара нан жеп, ич өтүп,
Далай адам өлүштү.
Өлгөндү кимдер көрүштү?
Көңүлүм кепти бөлүштү.
Мусапырлык ушундай,
Бир-бирин жыттап өбүштү.
Сакчылары урбаса,
Ар кылбайбыз сөгүштү.
Түгөнбөдү арманым,
Түк калбады дарманым.
«Эмне болду байкуш?»-деп,
Сагынгандыр алганым.
Көтөрбөскө чара жок
Көр болгон кудай салганын.
Айнектей жүзүн көрөмбү
Топчубай жалгыз баламдын?

Кайран башым кор болду,
Арылбай турган шор болду.
Айланамды карасам,
Тикенек темир тор болду.
Булбулдай болгон ширин тил,
Муң-зар басып, бор болду.
Комузду чертип сайраткан

Кайран колум чор болду.
Болуштар менен урушуп,
Кылган экем чогоолду.
Бирге келген жолдоштор
Боз турпак басып жоголду.
Боздогон менен бошотпойт,
Биздин иш кайдан оңолду?
Качайын десем, айланам
Капкандан бетер торолду.
Жаткан жерим сыз болду,
Жайда мага кыш болду.
Жамынып жатар төшөк жок,
Буттарым тоңуп муз болду.
Баш коюшуп өлүмгө,
Далайдын көөнү суз болду.
Кандай ойлойт, билбеймин,
Кимдердин көөнү түз болду?

Кызарган бетте каным жок,
Кыбырарга алым жок.
Кыйналгандан өлүүгө
Керек болду жалгыз ок.
Азат болор бекенбиз,
Ак падыша болуп жок?
Төрөнү төрөм дебесмин,
Төбөмдөн басып урса да,
Аркан салып мойнума,
Кара дарын курса да,
Кайран тилим жаңылбайт,
Падышаң карап турса да.
Кайышпаймын чындыкка,
Каптатып дайра бурса да,
Бегинди бегим дебесмин,
Бешенемде турса да.
Баш ийбеймин өлгөнчө,

Бетимди тилип урса да.
Карайды жаным ушундай,
Каныма тоюп жутса да.
Кабыргамды бит жебейт,
Кардымды жарып алса да.
Бир арманым баламда,
Жаман атты жалаамда.
Жабыркап жүрүп алтын баш
Талаада өлүп калам да.
Айланып келсе бир кезек
Залимдердин
Айласын өзүм табам да.

## ТУТКУНДА ЖҮРГӨНДӨ

**(Токтогул туткунда жүргөндө мокок балта менен карагайдан комуз жасап алып, туткундагылардын көңүлүн ачканы.)**

Балта берди колума:
—Баскын! — деп айдап желкелеп,
Салды токой жолуна.
Айдап барып токойго
Атып салат экен деп,
Ажалым жеткен экен деп,
Ар нерсе кетти оюма,
Жүрөгүм турбай ордуна.

Казак, кыргыз, өзбектен,
Орус менен ногойдон
Карасам адам көп экен,

Пааналап тамдын түбүнө,
Кардым ачка, каруу жок,
Калабы жаным тирүүгө?
Кармап берген залимдин
Жамандык кылдым кимине?
«Жакшылап бизди айтпайт»-деп,
Жазгамын кызыл тилиме.
Алымды сурар жан барбы
Айнектүү тамга кирүүгө?
Кор болбой элге жетүүгө
Колумда жок дүнүйө,
Кайыр сурап, жан сактап,
Келе жатам күнүгө.

Бир күнү жатып кетейин
Айнектүү сенин тамыңа,
Сооп болор кондурсаң
Бир чымындай жаныңа.
Же кишини таанибайм,
Жолотпойт эч ким жанына,
Мен бир жүргөн мусапыр,
Кетип турат алым да...

Айткан сөзүм уксаңчы,
Угуп үйдөн чыксаңчы,
Бир эле түн жатамын,
Мага ырайым кылсаңчы.

Курсагым ач, каруу жок,
Турамын айнек түбүндө
Тил билбеген жан экен,
Олтурат жылуу үйүндө.

Көтөрүм болгон жылкыдай
Ырдап турам калтырап,

Курган жаным кейиди
Курсагым ач алсырап.
Айдоодон аман барамбы?
Айлымды барып табамбы?
Көркөмдүү булбул жан элем,
Көчөдө өлүп каламбы?
Элге жетип кур десе,
Айталбастан саламды?
Уруксат кылсаң бир күнчө
Улагаңа жатайын,
Кейишке башым түштү эле,
Келип турам атайын.

Өнөрүм бар колумда
Бешенеме жаралган,
Эр өлтүрүп, кун тартпай,
Айдалып келдим алалдан.
Ачкалыктан ар жерде
Көз тунарып карарган...
«Баркымды кошуп айтпайт»-деп,
Бай-манап мага кадалган.
Ат жетпеген алысты
Эки жыл басып жол кылдым,
Ардактуу алтын сөзүмдү
Ал жерге айтып кор кылдым.
Карагай менин комузум,
Күүгө келбейт колдурап .
Кардым ачка, каруу жок,
Кантсем мени кондурат?

Улар элем сайраган,
Укпайт адам үнүмдү,
Уштап берип душманга
Убайым кылды күнүмдү,
Ар жерге барсам кондурбайт,

Күндө бекем байланган,
Күнөөсүз жаттым түрмөдө,
Күн көрбөй көзүм жайнаган.
Кайгырып ыйлап жүргөндүр
Каргадай балам-чырагым.
Калаага келсем кондурбайт,
Кардым ачка, кубат жок,
Кайгырып ыйлап турамын,
Калкты эриткен кайран тил,
Уруусу башка калаадан
Уялбай кайыр сурадым.
Айдаткан залим оңбосун,
Айласын кандай кыламын?

Жылаңайлак жол басып
Жарылды менин таманым,
Күнгө күйүп эзилди
Күзгүдөй тунук жамалым.
Убайым тарткан энеме
Угулду бекен кабарым?
Ачкалыктын зарпынан
Ар жерде кыштак үйлөрдү

Бирин койбой санадым.
Убайын көрбөй каламбы
Урматын жалгыз баламдын?
Азабын тартып нечен жыл
Бай-манап кылган жалаанын,
Калаалык келсем кондурбайт,
Кай жерде өлүп каламын?

Айланып өрдөк учпаган
Көлгө бардым, кайран жан,
Атам туул көрбөгөн
Жерге бардым, кайран жан.

8*

Ак куулар учуп жетпеген
Чөлгө бардым, кайран жан,
Айыбы жок, каптаган
Селге бардым, кайран жан.
Кайрылып өрдөк учпаган
Көлгө бардым, кайран жан,
Кабарын угуп көрбөгөн
Жерге бардым кайран жан.
Канаттуу куштар жете албас
Чөлгө бардым, кайран жан...

## ЭРИКТИМ ЭКИ АЙ ЖОЛ ЖҮРҮП

Эриктим эки ай жол жүрүп,
Эзилдим таштак кыяда.
Эсил жан сени шор басып,
Келе жатам пияда.
Кейпимен тайдым бузулуп,
Кейиште турам кысылып.
Эт кетти, тери жыртылып,
Кыйналды го шордуу жан,
Жыртылды таман кыркылып.
Күүгүм кире, күн бата,
Элдин алды жуп жата
Таягымды таянып,
Талайт деп итин каранып,
Бардым бир Жомалай деген адамга!
Бир чымындай жанымдан
Жамандык ишти күтпөдү,
Катыны менен баласы
Бешенемди тиктеди.

— Көрүнөсүң мусапыр,
Бер келип оокат ич-деди.
Көөнүмө кайгы толтуруп,
Капшытында үстөлгө
Көчүгүм коюп олтуруп,
Жай алдырып жанымды.
Эч жазыгы жок туруп,
Кесепеттүү залымдар,
Кетирдиң кубат-алымды.
Таалайыма табылган
Барганым жакшы киши экен,
Үмүт бир кылдым жаныман.
Кубанып тердеп олтуруп,
Комузумду колго алдым,
Шаңкылдатып күү чалдым,
Мурунтан комуз укпаган
Бардык айлы чогулуп,
Мусапыр кайдан киши деп,
Жабылып тиктеп калды да.

Жакшы көрүп, кубанды
Өнөрпоз келип алдына.
Айылдын элин чогултуп,
Баары келип жабыла,
Эки сомдон, бир сомдон
Берип жатат аны да.
Үч ай жаттым ал жерде,
Жан кыйнаган тамандын
Жарыктары бүткөнчө.
Унутулуп азганым,
Убайым-кайгы тартканым,
Оюн-күлкү баштадым,
Туурасынан жарылган
Тууруk шордуу бутумдун
Жарыктары бүткөнчө

Үйдөн чыгып баспадым.
Жылан чакпай кыйналып,
Өлүп бир кала жаздадым.
Жазыксыз жанды манаптар
Жамандык күнгө таштадың
Үч ай, үч күн болгондо
Керкимди тетир аштадым.
Кетсемби дей баштадым.
Тузун таткан жер менен,
Тууган болгон эл менен
Амандашып, коштошуп,
Кайтсамбы дей баштадым.
Жомалай деген адамга
Эртең менен кеп айттым,
Мен жөнөйүн деп айттым.
Айылда казак бар экен,
Тилмеч болгон жан экен,
Чыкырып алып жамаатын,
Кайран эр өлүп калбасын,
Бергиле деди кайырды,
Түшүндүрдү барына
Менин ал-жайымды.
Эптеп-септеп беришет
Эшикте турган көп жыйын
Эки теңге, кырк тыйын.
Элимди издеп табалбай,
Эптеп алган мен кыйын!
Алты теңге, кырк тыйын
Жолуна кубат болсун деп
Чогултуп берди ал жыйын.
Комузумду колго алып
Кубангансып кеп айттым.
Кош, Жомалай, деп айттым.
Жомалай келди жаныма,
Беш-алты нан чогултуп,

Салып койду кабыма.
Талаада жүргөн мусапыр
Сыйындым жазуу багыма.
Жомалай деген жакшы адам
Кайрылып тиктеп кеп айтты.
Азыгың мол түгөнбөйт,
Алты күнү жол жүрүп,
Эл табасың деп айтты.
Алды жакта сөз угар,
Кара калпак, кең чалбар,
Кайрымдуу казак эли бар.
Конуп, түнөп казакка
Калкымаңа баргын деп айтты.
Зыкымын коюп, аш берер,
Мартына баргын деп айтты.
Өлбөсөң оокат кыларсың,
Элиңе жетип кубанып,
Балдарың менен турарсың...
Эки басып, бир басып,
Элди карай жөнөдүм,
Ойлодум: «өлбөй көрөрмүн»,
Жыйырма төрт күн дегенде,
Орун алып мен бардым
Улуту казак элине,
Кыскага узун уладым,
Жан курусун чыкпаган,
Жакшы адам ким сурадым.
Жомалайдын элинде
Итке чегип чананы
Алганын көрдүм алардын.
Иттери койду кайтарып
Барганын көрдүм алардын.
Бугуга чегип чананы
Алганын көрдүм алардын.
Ак коюн ити кайтарып,

Барганын көрдүм алардын.
Былдырашып сүйлөгөн,
Түшүнүп тилин билбеген,
Чалдарын көрдүм алардын.
Эч айламды табалбай
Калтырап кетти дарманым.
Жерге жетип, эл менен
Эсендешер бекем деп,
Ичимде турду арманым.
Ат-араба почтовой
Мингенин көрдүм алардын.
Божурашып сүйлөшүп,
Жүргөнүн көрдүм алардын,
Өрдөк моюн, кумар көз
Сүйгөнүн көрдүм алардын.
Каргадай башты жүк басып,
Калтырап кетти дарманым.

## КАЗАК ЖЕРИНДЕГИ ЫР

Салам айтып турамын
Бир тууган казак жалпыңа!
Самтырап турам мусапыр,
Сагынган менен жеталбай,
Санжырга кыргыз калкыма.
Азамат элем элимде,
Арызым айтып калайын.
Агайын калкым силерге.
Ала-Тоо кыргыз калкымда
Токтогул акын мен элем
Тозоктон чыгып жөнөдүм,

Кайгырган элим сен элең
Насибим буйруп туз тартып,
Калкыма келген мен элем.
Аш менен тойдо турганда
Атагын айтса түгөнбөс,
Алты сан кыргыз эл элең.
Алышып душман жетпеген,
Айлампа тунук көл элең.
Өмүргө шерик өскөн эл
Көңүлдөн кетпейт дээр элем.
Көмүскө кетип жок болгон,
Кош көмөкөй жез таңдай
Күкүгүң Токоң мен элем.
Карагер миндим семиз деп
Кыл торко кийдим тегиздеп.
Кадырлаш тууган калды деп,
Кайрылып келдим сени издеп.
Туткун болуп кармалып,
Тууганым кайгы жеди эле.
Түрмөдөн колу бошонуп,
Тууруна Токоң келди эле.
Кулданбай, Таакы аралаш
Садырдын уулу Карабаш,
Кедейге намыз талашкан.
Бешкемпир уулу эр Төрө
Бул дүйнөдөн өтөрдө,
Каркыра тартып жол баштап,
Караңгы сапар кетерде
Курманбек менен Аккандай
Сени менен Ширгели,
Кыяматтык дос эле.
Барсаң ошол доңузга
Салам дуба деди эле.
Атабыз кыргыз калкынан
Атантай, Жоомарт, Төрөдөн

Айрылдык өлүм зарпынан.
Ажалы жетип, күн бүтүп,
Аракет жайга жөнөттүк,
Айыкпаган дартынан.
Туурунан чоочутуп
Туйгун эрди качырдык,
Тутам боосу үзүлүп,
Туура белди ашырдык.
Турпагы бийик мүрзөгө
Туйгунуңду жашырдык.
Агаин, тууган турган эл
Дубасын айттым асылдын,
Ак коюң союп жатканда
Ак тузуң татып, эт жедим,
Аманы го башымдын.
Түрмөдө жатып көз жумган,
Дубасын айтып асылдың.
Курдаш элең, Ширгели,
Кутулдум бекен карзыңан.
Көрөмбү деген өзүңдү
Курбуң эле арзыган.
Өл деген менен өлөмбү?
Кел деген менен келемби?
Айдоого кеткен кыргыздын
Жармы өлдү, жармы бар.
Уругу кыргыз баласын
Бир көрүшкө ынтызар.
Туурунун үстүнөн
Туйгунум боосу чечилди,
Өлгөнүнөн калганы
Жыйырма жылдан кесилип,
Түрмөдө калды шекилди.
Калайлуу туур үстүнөн,
Карчыгам боосу чечилди.
Калпалар кылган жаңжалда,

Жазыксыз көп эл кесилип,
Камакта жатат шекилди.
Алакчын, саруу тобунда,
Сологойдун оңунда,
Кайрадан сайрап отурам,
Комузум алып колума,
Кайрылып келип эл таптым,
Таластын узак жолунда
Муунумду муң баскан,
Көңүлүмдү кир баскан,
Акын элем бир чакта,
Палицей жүрүп артымда
Бош койбогон бир паска.
Караны кийсем, бойдо жок,
Калың кыргыз элиме
Кайрылам деген ойдо жок.
Кызылды кийсем, бойдо жок,
Кыямат күндө жатчу элем,
Кылчаям деген ойдо жок.
Айылдан кеткен адашты,
Абактан оокат талашты.
Ак туйгун куштай чеңгелдеп,
Ак тузум таткын, бер кел деп,
Ата журтум Шамшыкал
Алып келди карачы.
Байланып колу жүрбөсүн,
Бечаранын баласы.
Букадай булчуң эт кетти,
Панардай кара көз кетти,
Акыл качты, эс кетти,
Ушу жакка жөнөрдө
Баймамбетти аксылык
Карышкыр талап жеп кетти,
Таластын өзөн суунда,
Курбу-курдаш турсуң да,

Кайрылып келдим туткундан,
Каралдым жалгыз канекен?

Туулгандан жалгыз туягым,
Күйгүзөт ичти кыялың.
Көзүмдөн аккан жашымды,
Күйдүргүм, кантип тыямын?

Жашыңда кеттиң чырагым,
Жаз кууураган чырпыктай.
Жан чыгарда болгондур
Жагалмай алган чымчыктай.

Жаның чиркин кеткенде,
Жаш булбул калдың үн чыкпай.
Жаңгактай көрдүн түбүнө.
Жалгызым, кантип жаттың
тумчукпай?

Күлгүнүңдө кетипсиң,
Күз кууураган чырпыктай.
Тыбырадың өлөрдө
Турумтай алган чымчыктай.
Күзгүдөн көзүң жумулуп,
Күкүктөй тилиң буулуп,
Күйдүргүм, калдың дем чыкпай.

Азуусу бычак залимден
Айдалып атаң тарп болгон.
Кыжылдаган солдаттан
Кыйналып жүрөк дарт болгон.

Кылчайып келсем үйдө жок,
Кыргыйым качкан оң колдон.
Арылбадың, алтын баш,

9*

# АЗЫРААК ЧЫКТЫ АРМАНЫМ

Түрмөдөн чыктым, оолуктум,
Туш келтирди бу насип
Тууганым, сага жолуктум.
Абактан чыктым, оолуктум,
Азаптан колум бошонуп,
Ага-ини элге жолуктум.
Ак шумкар куштун уясы
Айлампа кара зоододур,
Эсенбай жаман болгону
Таба эместир, тоободур.
Эсенбай, Жолдош, Жолборсту[1]
Ак падыша улукка,
Каршылык кылып, кармарда
Агып өлдү деп уктук
Ак дайра Нарын чулукка.
Көк кагазга жазылып,
Эсенбай, Жолдош өлдү деп,
Дайын болду төмөнкү
Гувурнатор улукка.
Суу түбүнө чөкчүдөй
Коргошун бекен, таш бекен?
Дайрадан калкып учкудай
Өрдөк бекен, каз бекен?
Адырга коюн бактырган
Эсенбайдын айтканын
Аким, найып жактырган.
Ак жерден торго чалынтып,
Багыш, саяк уруудан
Алтымыш адам сап кылган.

---

[1] Жолдош, Жолборс — Эсенбайдын жигиттери. Эсенбай болуш суугa секиргенде Жолдош кошо ыргыган. Экөө бир өлгөн.

Күнгөйгө коюн бактырган,
«Эсенбай айтты, болду» — деп,
Гувурнатор жактырган.
Көңүлүң арам, кызталак,
Көп адамды сап кылган
Кериге коюн бактырган.
Кетте акимдер жактырган.
Кеткен элдин баарысын
Кейиштүү күнгө сап кылган.
Анда тилмечтин көөнү ток экен,
Кетмен-Төбө, Нарында
Тил билер киши жок экен.
Көп адамды кууратып,
Кыз-келинин ыйлатып,
Эсенбай залим шок экен.
Алдаймын деп орусту
Күнөөсү түшүп мойнуна,
Өзүнө тийген ок экен.
Эски кегим алам деп,
Эсимден чыкпай келди эле,
Эсенбай элде жок экен —
Кара сакал Жанаалы
Найыптар менен сүйлөшүп,
Сакалын күнгө жайкаган,
Өлөр сайга келгенде,
Эсенбай кепти байкаган,
Эсенбай сууга түшөрдө
Бирин-бири кармашып,
Агын суруга батпаган.
Кошо кетти дайрага
Жолдош — жолдоштугун актаган.
Ажалдан калган Жолборстун
Жонун отко кактаган.
Жесир калды алганы,
Жетим калды балдары.

Кармалган катар биз менен
Мырзабек бар жанымда.
Агайын жардам кылбаса,
Алыскы Кетмен-Төбөгө
Алым жок эле барууга.
Ат-тондуу болуп баргамын,
Туулуп өскөн Арымга.
Тууганым — кедей-кембагал,
Душман элем залымга.
Аттуу бардым, жөө баспай,
Энем турган айылга.
Жардам кылдың, калың эл,
Мендей начар шайырга.

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН ЭШМАМБЕТ

Эшмамбет:

Капталдын куму эшилет,
Кайберендин изиби?
Кабыл кылды өзүмдөн
Өгүнү көргөн түшүмү.
Калп эмес сөзүм чын болду,
Кармалып кеткен элимден
Кадимки Током жүзүбү?
Кайта көрдүм кубанып
Калкымдан кеткен кишими.

Адырдын куму эшилет,
Ак жолборстун изиби?

## ОРУСТАН АЛГАН ӨБӨЛГӨМ

**(Комуз күүсүнүн ыры)**

Кетмен-Төбө жеримден,
Кенен жайлоо төрүмдөн,
Мал киндиктүү саяктын
Арасынан бөлүнгөн.
Кармалып кетип Сибирге,
Калкына бүгүн көрүнгөн.
Ажалымдын жогунан,
Аман келдим өлүмдөн.
Санат ырым чачылып,
Оозумду ачсам төгүлгөн.
Он сан орус калкынан
Алып келген өбөлгөм
Балалайка үч кылдуу
Анын күүсү терилген.
Комузда келтирип,
Алдым орус элимден.
Ага, иниге таратып
Акын Токоң элирген.

## ТОГУЗ КАЙРЫК

**(Комуз күүсүнүн ыры)**

Тогуз толгоп кайырсам,
Торгой болот комузум,
Миң кубулган күү менен,

Туурдукту шыкаалаган кыз-келиндер. Бул үй Карымшак деген бозокордуку экен. Сураштырып билген соң, Током: «ушуга кайрылалы, сен баштап ырда» — деди. Ошондогу ырыбыз:

Калык:

Ушул үйдүн ичинде,
Урушкансып чуулдайт.
Бака-шака бардыгы
Дайындуу бир сөз угулбайт.

Токтогул:

Жакшы адамдын санаасы
Жамандыкка бурулбайт.
Жүрөгү жок жалтаңдын
Жакында иши курулбайт.
Балам, ичкиң келип турабы?
Мында бозонун жыты бурулдайт.

Калык:

Шыңкылдашып күлүшкөн,
Шыкаалашып жүрүшкөн,
Шылдыр чачпак кара көз,
Туш-тушунда кыз-келин,
Кызыгышып карашат
Кызыктуу тамак ичкенин.

Токтогул:

Кулагың укту шекилди
Шатыратып сүзгөнүң.
Шаңкылдаган үнүңдү,
Балам, тыңшап турат кыз-келин.
Келгиле мында дебесе,
Суктук кылып түшпөгүн,
Түшүрүп алат эмеле,
Балам, үмүтүңдү үзбөгүн.

К а л ы к:

Ат байланган отуздай
Тегерете кырчоодо.
Кулак салды жорочу,
Токо, кубаныч сөзүң тыңшоого.

Т о к т о г у л:

Кыйшайыптыр, карачы,
Эшик менен босого.
Кызыганда жорочу,
Кылар иши ошо го.
Кыйла жерден саламчы
Келген окшойт бозого.

К а л ы к:

Кышында өгүз байлаган,
Жазында жерин айдаган.
Жалгыз таруу дейсиңби?
Буудайы өсүп чайлаган.
Дыйкандыктын белгиси,
Эгининден пайдалан.

Т о к т о г у л:

Эгини үчүн күтүнүп,
Жерин айдап бүтүрүп,
Таруусун сээп чыгарган,
Буудайы кыр жаап келгенде,
Арпасын эрте сугарган.
Бу дыйкандын балдары
Баарысы ишке чыдарман.

К а л ы к:

Сайраган булбул үндөнүп,
Биз болсок, келген жолоочу,
Самагандай жарданып

Баба дыйкан береке,
Токо, чачканын айтсак болбойбу?

Токтогул:

Кош өгүзгө тазалап,
Артканын айтсак болбойбу?
Тегирменди чектирип,
Тартканын айтсак болбойбу?
Кара сакал Карымшак
Ошондо көөнү толбойбу?

Калык:

Ат үстүнөн көрүштүк,
Амансыңбы, Карымшак?
Кыштын алты ай бозого
Камдаганың таруу шак.
Кечке маал бурулуп,
Конгону келип турган чак.

Токтогул:

Мен билемин булардын
«Сокучу» дешет уруусун.
Бозонун күчүн жетилткен,
Угутун кандай унуттуң?
Унутпасаң, жубарбек,
Неге айтпадың угутун?

Калык:

Жылуу жерге көмдүргөн,
Жакшылап угут өндүргөн,
Сокучунун ичинде,
Карымшак, өзүң жөн билген.
Жайнаган элди кубанткан
Жайлата кылган демилгең,

Т о к т о г у л:

Карымшак, сенин бозоңдун
Жытына келген жыгылган.
Уурттаган адам дуулаган,
Акылын билбей сулаган.
Абдан тоё ичкендер
Ат үстүнөн кулаган.

— деп ырдап турганда, Карымшак чыга калып, Токтогулдарды аттан түшүрөт. Токтогул үйгө кирер менен, ага бир чоң аяк бозо сунат. Ошондо Токтогулдун ырдаганы:

Толтура бозоң мелтиреп,
Токтогулга энчилеп,
Алып келдиң, Карымшак,
«Ичип ийип берчи» — деп,
Аякта кайнайт жыбырап,
Түрүлө түшүп шыбырап,
Көбүктөнөт мөлтүрөп,
«Күлөсүң ичип көрчү» — деп
Күлүңдөйсүң, сыр аяк,
Сенден башка миң сан бар,
Ым болбогон куру аяк.
Жыгачы таза кургаган,
Маргаланда сырдаган.
Сырыңдын баары түшүптүр,
Болгон окшойт бир заман.
Жакшы го сенин жыгачың,
Жарака кетип сынбаган.
Бу Кокондон келген сыр аяк,
Колума бердиң жаймалап,
Түшөрү менен белендеп,
«Токтогулга берем» деп,
Алдыма коюп, Карымшак,
Тура калдың элеңдеп,

Бозо менен аракты
Оозума алган эмесмин,
Жашыңды жаза таанысам,
Карың менен тең өстүм.
Ичип көнсөм башынан,
Ар жакка алгын дебесмин.
Алып бергин бозону
Жолдошум Калык балага,
Токтобостон тартып ий,
Балам, тойбоймун деп санаба.
Бозо турмак, тап коет,
Тобун салган чарага.
Тойбой калсаң жаланып,
Тойгуча берет жана да.
Комузуңду колуңа ал,
Которуп түрдүү обон сал.
Мынабу ини, агаңа,
Бул олтурган, туугандар,
Малыңарды байлаңар,
Жеми, чөбүн жайлаңар.
Жетиштүү болсо оокатың,
Түпкүлүктүү пайдаңар.
Тирүү адамдын опасы —
Катын, бала, баккан мал.
Жайытта калып жүрбөсүн,
Жарыкта жыйнап, айдап ал.
Көзү жетсе күндүздө
Көзөмөлдөйт кемпир-чал.
Оокатыңды жайгарып,
Жай олтуруп угуп ал!

«Мен бозо ичүүчү эмес элем, чай ичейин. Аттар жем жесин. Аңгыча силер үй-тиричилигиңерди жайгарып келгиле. Жай олтуруп анан тамашага киребиз» — деди Токтогул.

Карымшак белдүү, айлына кадырлуу азамат жигит экен. «Током ырас айтат, мен коногумду күтөйүн, силер шашпай жай келгиле» — деди. Эл тарады.

Карымшак айлындагы Чакырбай деген байдыкына барып, карызга бир козу сурайт. Чакырбай: «коногуң ким?» — дейт. Карымшак: «Токтогул деген ырчы, жанында жолдошу бар, ошолорго союп берейин дедим эле» — десе ал: «томаяктар, ырчыны силер ырдаткыла да союшун мен берейинби я?» — деп бербей коёт. Козуну башка кишиден таап келип союп, эт тартып жатканда сөздөн-сөз чыгып кетип, Карымшак жогоруда болгон окуяны жанында отурган кишилерге айтат. Токтогул муну угар менен ошол замат комузун алып минтип ырдап коё берди:

Айт десеңер, балдарым,
Айтайын бир аз байынды.
Ушу турган сокочу
Чакырбайдын айылы.
Тынчы кеткен Чакырбай
Тың ичирбей чайынды.
Теңгесин үч маал туудуруп,
Кетирген экен жайынды.
Чакырбайды «сүткор» деп,
Мурунтан угуп жүргөн көп.
Сөөгүнө тамга батырган,
Өз айылын өөнөп жеп.
Акчасын алты туудурган,
Аласасын чуу кылган.
«Ар ким ичип кетет» деп,
Айранын чалап суу кылган.
«Чакырбай жаман сүткор» — деп,
Алда качан угулган.
Корккон унан башкага
Кой сойбогон Чакырбай,
Коңшусуна ордунан

Козголбогон Чакырбай.
Колу тайкы адамга
Дос болбогон Чакырбай.
Айылына алсызды
Кондурбаган Чакырбай.
Кондурса да, тамакка
Оңдурбаган Чакырбай.
Болуш, бийди чакырып,
Кол булгаган Чакырбай.
Жарды-жалчы баарыңды
Карыздар кылган сүт менен.
Малы-мүлкү, үй-жайы
Адалдык менен бүтпөгөн.
Мээнетиңдин бардыгын
Моюнуңа жүктөгөн.
Пайдасы жок башына
Зыян кылат сүт деген.
Жардыга кайры жок болот
Өз пайдасын тиктеген.
Алсыздарга сураса,
Күч бербеген Чакырбай,
Айлындагы коңшуга
Сүт бербеген Чакырбай,
«Ат үстүндө жүрөт деп,
Айгырымды минет» — деп,
Жылкычынын акысын
Бүт бербеген Чакырбай.
Жакын айыл коңшуга
Сүт бербеген Чакырбай.
Жалдыратып жөөлөргө
Күч бербеген Чакырбай.
Жалчылардын акысын
Бүт бербеген Чакырбай.
Коңшусуна жазгысын
Сүт бербеген Чакырбай.

Колунда жок жардыга
Күч бербеген Чакырбай.
Койчусунун акысын
Бүт бербеген Чакырбай.
Пейлинин тардыгы
Бир малы жок жакырдай.
Мындай сүткор байлардан
Көтөрмөгө пул алба,
Бекерден таап алгандай
Анын бергенине кубанба.
Бешөөнү онго жеткирип,
Карабайт алар убалга.
Жакындашпай, алыс жүр
Жандан кечкен сүткорго.
«Паланымды бергин деп,
Баягы пулга келдим» — деп.
«Жакшылап» айтат бир жолго.
Жалгыз атты саттырат,
Жөө калып ит болбо,
«Карыздар болбой койбой» — деп,
Кайгырасың ошондо...

Угуп отургандар: «баракелде, ойдогубузду айтышты» — дешти. Токтогулдун Чакырбай жөнүндөгү ырын кубатташты. Токомдун: «Сени элге таанытайын» деген убадасы бар эле, ошону эстеди окшойт, ушул Карымшактыкынан баштап мени элге тааныштырып ырдай баштады. Ошондогу ыры мындай эле:

Жумурткадан чегилип,
Кызыл эттен жетилип,
Канатын күүлөп жаңыдан
Талпынып учкан кекилик
Кулаалы көрсө, «кушпу» деп,
Корголоп калат бекинип.
Азыр балам — балапан,

Ак күбүнөн түлөгөн.
Аралап аш-тойго ырдап,
Токтото элек жүрөгүн.
«Коного чапсам, чыгар» — деп,
Коштоп алып жүрөмүн.
Чылбырың тийсе колума,
Балам, чың өйдөдө сүрөрмүн.
Кызыл тилди ойнотуп,
Кырка тишке бүлөгүн.
Экөөбүздү чарчатпай,
Тарабайт го бул элиң?
«Ырдатпай койду Током» — деп,
Калбасын менде күнөмүң.
Балалыгың болбосо,
Бар эле сенин үнөмүң.
Жалыңдан сылап көргөмүн
Жабагы тай кезиңде.
Жаагыңды жанып ырдаткан
Жанаалы барбы эсиңде?
«Кур семирип алсын» — деп,
Кунаныңды мактадым.
Былтыркы жылда бышты элең,
Бир-эки курдай таптадым.
Асыйга жашың толгуча
Ашка-тойго чаппадым.
Торгойдой болгон Токондун,
Балам, ал мээнетин актагын.
Асыйга толдуң жаңыдан,
Азууң быйыл сайылды.
Жашылданып жибектей,
Жал, көкүлүң жайылды,
Алмак-салмак жарышып,
Кубанталык айылды.
Көпчүлүккө жараткан,
Балам, биз өңдөнгөн шайырды.

Ырда десе, тартынба.
Жаш балалык күнүндө
Жагалданып жалтылда.
«Калык ырчы болчу» деп,
Атак болот артыңда.
Кана, балам, баштагын,
Калыгым, сени биерде
Кайрат берип маштадым.
Кош аттап куусаң карганда,
Балам, колуңа тийбейт жаш чагың.

Током бүткөндөн кийин эл мени ырда деп калды. Комузумду күүлөп алып, «Зилзала» деген ырымды ырдадым. Ал мындай эле:

Көргөндөр айтат абыдан,
Угулду укмуш жаңыдан.
Акыркы болгон зилзала
Анжиян, Кокон жагынан;
Шейшенбинин күнүндө,
Шек билинбей күүгүмдө,
Жер титиреп там басып,
Эл кырылды түнүндө.
Угушума карасам:
Жетер ажал, бүтөр күн,
Көзгө суук көрүндү.
Эске алмак бар өлүмдү.
Туш кылбасын мындайды,
Далай адам муңайды.
Көмүлбөй жатат көп адам,
Топурак менен ылайда.
Коженттен үйлөр кулады.
Кожо, молдо эшендер,
Мечитинде сулады.
Жата турган жай таппай,
Жарды, байы сулады.

Эсинен тайды Ферганаң,
Оодарылып далай там;
Он үй калбай бузулбай,
Ойрон болду Маргалаң.
Орун таппай жатарга
Он миң бар дейт зарлаган.
Катын-бала, кары-жаш
Өлүү-тирүү аралаш,
Кожент менен Кыйбадан
Кордук тартып көп адам
Колдон кайыр сураган
Тарчылыкты көргөндөр
Ташкенди карай чубаган.
Асаке менен Кокондо
Кыйынчылык ошондо
Ач, арыктын жатканы
Шалы, бакал, саман, чөп
Коргондор урап түз болду.
Колдон келбес иш болду.
Өлүү-тирүү тең болду.
Өлбөгөн адам аз болду.
Көчөлөрдү чаң басты.
Көп адамды там басты.
Зилзаладан калгандар,
Оокат жайын камдашты.
Каалгаларын чаң басты,
Кары дебей жаш дебей,
Катары менен там басты.
Ойлонуп көрсөм бу кезде,
Катуу шумдук жармашты.
Адырлуу тамдар куланып
Аттын көбүн там басты.
Апырылтып сүйлөгөн
Калптын көбүн там басты.
Дайыма селде чалынып

Кудайга куру жалынып,
Даaратыма суу деген
Ар жуманын түнүндө
Таң атканча «уу» деген
Эшендерди там басты.
Такылдап таамай сүйлөгөн
Чечендерди там басты.
Ак падыша залимдин
Алымынан кеттиби?
Казы, болуш, бийлердин
Салыгынан кеттиби?
Дүкөнгө пулун толтурган
Ашык баа коюп пулуна
Пайдасын тилеп олтурган,
Кара күчкө карганып
Кайта-кайта чот урган
Соодагерден кеттиби?
Кыштын күнү муз каткан,
Жай саратан ысыкта
Жылуу сууну муздаткан.
Бир чынысы бир теңге
Кымыз баасы суу саткан.
Бу себептен жаздыбы?
Бул үчүн тамдар бастыбы?
Кыйынчылык угулду,
Кымбатчылык туулду.
Зарыктырып адамды,
Замана кандай кубулду?
Боз үйлөр чыкты жүз сомго
Бойролор чыкты үч сомго.
Тоо жердеген көп кыргыз,
Тобуң менен шүгүр кыл,
Топтошуп өскөн жериңде,
Чогууң менен шүгүр кыл,
Убайым тартты ушу жыл.

Экөө болсоң, үч болсоң,
Элүү болсоң, жүз болсоң,
Жеңилбейбиз бүт болсоң.
Жаман менен жакшыга,
Жалакор болсоң ит болдуң.
Жакшы болчу эр жигит —
Бараң мылтык басмадай.
Теңиз болчу азамат —
Тегиз тилген тасмадай.
Өмүр сүрөт ал жигит
Өлмөйүнчө аксабай.
Жумшак болот мүнөзү
Зооттон чыккан пахтадай.
Ачык болот жүрөгү
Ичине арам сактабай,
Андай жакшы жигитти
Адам калбайт мактабай,
Анын алган жары жарашат,
Жол жорголуу жакшы аттай.
Жолдош болот эрине,
Жок болсо да аксатпай,
Анык тынып санаасы,
Андай азаматтын көөнү жай.
Жакшы болсо алганың,
Тап кушундай талпынат.
Үйүнүн ичин саймалап,
Сарамжалы артылат.
Жаман аттай урганды
Желдире албай камчылап.
Жетпесең жакшы курбуга,
Жүрөсүң кантип жан чыдап?
Жакшы болсо алганың,
Аганын көөнүн калтырбайт.
Алтын менен күмүштөй
Ар убакта жалтылдайт.

Жаман болсо, ургандан
Кутулбаса, жан тынбайт.
Жетесинде жок болсо,
Жетилет деп санаба.
Жоктон айып чыгарып,
Жыга берет жалаага.
Жыйган-терген оокаттын
Бардыгы кетет талаага.
Өчөшкөндөн тилдесең,
Каргап кирет бырылдап.
Камчы менен бир чапсаң,
Балдарың ыйлайт чырылдап.
Оңой эмес оокатың
Ордуна кайта курулмак.
Андай жаман ургандан
Кутулсам деп санайсың.
Колуңда малдын жогунан
Ойлоп артың карайсың.
Жазгандай болдук капаны,
Ылайык келсе жаталы.
Таңшыган бойдон отуруп,
Таң агарып атабы?
Уга берсе ыр сонун,
Улана берет миң сонун.
Убалы бар көздүн да,
Уйку деген бир сонун!

## ТОЙДОГУ АЙТЫШ

Нусуп ажы деген той берди. Анжиян, Арканын акындары бүт келишти. Аксыдан Жеңижок, Анжиян жактагы кыргыздардан: атактуу ырчы Бекназар жана Карамырза, Кара, Жолдош дегендер. Кетмен-Төбөдөн

Көкүлүң көккө серпкенин
Көрүп көөнүм кубанды...

## ЖЕТИМДЕР ЖӨНҮНДӨ

Жээрде жорго мингизип,
Топойтуп кийим кийгизип,
Айырмасын сындаган,
Артынан жүрүп ырчылар
Аны мактап ырдаган,
Тогуз жашар бул бала,
Кимдин уулу болду экен?
Кемегенин башында
Кемирип шыйрак куйкалап,
Бир курсактын айы үчүн
Бышырып отко ар нерсе
Жеп отурган уйпалап,
Үстүндөгү кийгени
Үшүрү жок самтырак
Жетим окшойт экөө тең,
Ар кимди карайт жалдырап
Сегизге жашы толгон бейм?
Атадан жетим болгон бейм?
Эгиз бала көрүнөт,
Жетим болсо, кор экен,
Бул экөө кимдин уулу болду экен?
Каралашып буларга
Кайрылар тууган бар бекен?
Азамат болот бул экөө
Аман жүрүп жетилсе.
Каралашпайт эч бир жан
Атасы жок жетимге.

Каргашалуу заман ай,
Атасы болсо бул экөө,
Минбейт беле күлүк тай.
Карашар тууган болбосо,
Каргаша өлүм ушундай.
Ананайын балдардын
Карагат көзү жалдырап,
Кайрылар тууган жогунан
Үстү-башы салбырап,
Үзүндү болуп самтырап,
Кемегенин башында
Үшүп турат калтырап.
Ырчылар ырдап мактаган
Бай баласын карачы:
Бай уулу менен жетимдин
Асман жердей арасы.
Эмнеси артык жетимден?
Баары — адамдын баласы.
Теңдеши жок куу турмуш,
Теңирдин ишин карачы,
Адил болсо замана,
Ата-энесиз жетимге
Болбойт беле арачы.
Ата жөнүн сурачы,
Эгиз жетим окшошкон
Бул экөө кимдин баласы?
Бар болду бекен булардын
Аталаш тууган агасы?
Ашы болот четиндин,
Арманы болот жетимдин,
Бүчүрү болот четиндин,
Муңу болот жетимдин.
Аталаш тууган карашпайт,
Аман жүрүп жетилсин.
Алы-жөнүн ким сурайт

Атасы жок жетимдин?
Жетимдиги көрүнүп,
Ата, энеси жогунан,
Олтурбайбы окшошуп,
Эч нерсе келбей колунан.
Элден башка бөлүнүп,
Шыйбылчак, шыйрак куйкалап,
Устукан берген эч ким жок,
Көңүл коюп, бир карап,
Жүдөп кеткен турбайбы
Көрүнгөнү жемелеп.
Сурай албайт бирөөдөн
«Кардым ачка, бергин» деп.
Сурап койбойт эч бир жан:
«Бечара жетим, сен ким?» — деп
Кендирин кескен жетимдин
Колу, буту кесилип,
Бүткөн бой кычы, карачы,
Терге бою жешилип.
Аталуу балдар, карачы,
Ат минип жүрөт эсирип.
Карашпайт байлар карыпка,
Тамак бербейт арыкка,
Жардам бербейт жетимге.
Эмеле адам болбойбу,
Бул экөө өсүп жетилсе.
Бай-манап куну кетпесе,
Элиндеги бей-бечара жесирге
Кайрылышып койбойбу?
Кузгундай болгон молдолор,
Куркулдаган соргоктор
Зекет алса тойбойбу?
Анык сооп издесе,
Жесир менен жетимге
Ондон бирин зекеттин

Курманбаевден 1953-жылы 23-июлда жазып алынган. Илгери эшен-калпалар Кетмен-Төбө өрөөнүнө келип, жылына мал жыйнап кетчү экен. Алар эл арасына келгенде: «Эркек мал берсеңер акыретте сообу эки эсе көп болот» — деп, жалаң гана айгыр, кочкор, теке, букаларды чогулткан. Ошол малдарды айдап бара жатканда Токтогул менен Эшмамбет аларга карата ушинтип ырдаган. Фондудагы материалдын негизинде жыйнакка кошулду.

«Жыргалы сендик дүйнөнүн». Бул ыр 1950-жылы биринчи жолу жыйнакка кирген. Ошондон бери башка жыйнактарда да басылып келе жатат. Азыр өзгөртүүсүз жиберилди.

«Эрке сары», Бул ыр С. Виноградов тарабынан Токтогулдун шакирти Коргол ырчыдан жазылып алынган. Бул ыр комуз күүсү катары аткарыла турган, жыйнакка биринчи жолу киргизилди.

«Болосуң акын». Бул ыр 1940-жылы чыккан ырлар жыйнагында жарыяланган. Ошондон бери Токтогулдун китептерине киргизилип келе жатат. Азыркы жыйнакка мурунку текст боюнча жиберилди.

«Эшен-калпа». Токтогул айдала электе бир манаптын үйүнө эшендин калпалары келип калат. Ал манап: «Токтогул, ырда» деп буйруганда, ушул ырды ырдаган экен. Биринчи жолу 1939-жылы 8-сентябрде «Кызыл Кыргызстан» газетасына үзүндүлөр жарыяланган. Кийинки жыйнактарга бул ырдын үзүндүлөрү гана басылып келген. Азыркы басылышында фондудагы материалдардын негизинде жаңы ыр жолдору кошулду.

«Беш каман». Калык тапшырган материал боюнча 1938-жылы Токтогулдун манаптарга каршы ырдаган ыры деген ат менен чыккан, «Токтогулдун ырлары» деген жыйнакка киргизилген. 1938-жылы 17-февралда «Кызыл Кыргызстан» газетасында Ж. Бөкөнбаев тара-

«Нускалуу ырлар». Бул ыр Токторов Айылчы жана Чоконбаев Ырысбектен (Жумгал районду) 1953-жылы 23-августта А. Чоробаев тарабынан жазылып алынган. Мунун айрым ыр саптары «Токтогулдун ар кыл ырларынан үзүндүлөр» деген ат менен 1956-жылы чыккан жыйнакка киргизилген. Азыр фондудагы материалдын негизинде «Нускалуу ырлар» деген ат менен жиберилди.

«Токтогулдун төрөлөргө ырдаганы». Токтогулду жана башка кишилерди кармоо үчүн келген отряддын начальнигине карай ырдалган ырлардан болуп саналат. Бул ыр биринчи жолу 1939-жылы 8-сентябрде «Кызыл Кыргызстан» газетасына жарыяланат. 1956-жылы чыккан китепте басылган. Азыр фондудагы материал боюнча жиберилди. Он жол ыр жаңыдан кошулду.

«Кош апаке!». Бул ырды Токтогул кармап айдап бара жатканда энесине карата ырдаган. Биринчи жолу 1940-жылы чыккан жыйнагына кирген. Ошондон тартып башка китептерде жарыяланып келе жатат. Азыр эч өзгөртүүсүз жиберилди.

«Бизге келер бекен кең заман». Токтогул айдалып бара жатканда акыйкатсыз заманга нааразылыгын билгизип «бизге келер бекен кең заман» деп ырдаган. Бул ыр Тоголок Молдонун эскермеси боюнча Токтогулдун ырлар жыйнагына кошулуп олтурат.

«Айдалып жөнөгөндө». Токтогулдун колун аркасына байлап, атка таңып айдап жөнөгөндө, жолдо бара жатып ушул ырын ырдаган. Кыргызстан Мамлекеттик Университети уюштурган экспедициянын катышуучусу М. Сырдыбаев 1953-жылы Коргол ырчыдан жазып алган.

«Кыйындык түштү башыма». Корголдун эскертүүсүнө караганда, Токтогул бул ырын Балыгурт деген

ашуунун белинде ырдаган экен. 1957-жылы 16-июнда Коргол ырчыдан жазып алынган.

«Айланган тоонун бүркүтү». Биринчи жолу 1940-жылы чыккан ырлар жыйнагына кирген. Кийинки китептерине да кошулуп келе жатат. Биринчи жыйнактагы текст боюнча жиберилди.

«Ушундайбы сурагың». Бул ырды Токтогул тюрьмада жатканда ырдаган. Муну ырдын мазмунунан ачык түшүнүүгө болот. 1940-жылы жарыяланган текст боюнча жиберилди.

«Азапка түштү өмүрүм». Бул ыр 1898—1900-жылдардын аралыгында ырдалган болуу керек. Биринчи жолу 1940-жылы чыккан ырлар жыйнагына киргизилген. Кийинки китептеринде да басылып келе жатат. Азыр өзгөртүүсүз жиберилди.

«Аман кетер күн барбы?». Бул ыр А. Чоробаев тарабынан Ак-Талаа районуна караштуу Кара-Бүргөндү селосунда туруучу Курманбаев Жутубалыдан 1953-жылы 25-июнда жазып алынган. Жусубалынын айтууна караганда, Токтогул сүргүндө жүрүп ырдачу экен. Бул ырды анын Мааткерим деген агасы көк-жаңгактык Чыйбыл менен бирге айдалып барып, ошондон угуп үйрөнүп алган.

«Элиме качан кетемин?» Токтогул бул ырын Сибирде жүргөндө эли-жерин сагынып ырдаган. Бул ырды Калык Акиев 1939-жылы жазып тапшырган. Биринчи жолу 1956-жылы чыккан жыйнакка киргизилген. Фондудагы материалдын негизинде кээ бир оңдоолор киргизилди.

«Бош кой бир аз колумду!». Токтогул тюрьмада жүргөндө комуз жасап алып, туткундарга чертип берип жатканда лагердин начальниги аны тыңшап угуп терең ойго батат. Токтогул ошо начальникке карата ырын ырдаган экен. Курманбаев Жусубалыдан жазып алынган.

качып чыгып, итине чана кошкон элге туш келет. Кайсы эл экенин билбей, итине чана кошкон «Элге келдим» деп ырдайт. Бул ыр Коргол ырчыдан жазып алынган.

«Казак жериндеги ыр». Бул ырды Чүй району, Боролдойдо туруучу Абдыракманов Турдумамбет жазып тапшырган. 1950-жылы чыккан ырлар жыйнагына киргизилген. Ошол текст боюнча жиберилди.

«Күңгүрөнө күү чалдым». Токтогул Сибирден качып келе жатып, Таластагы Ширгели дегендин айлына барып, анын уулу Мусага жайын айтып ырдаган ырынан. Бул ыр Коргол ырчыдан 1957-жылы жазып алынган.

«Жерди көргөндө». Бул ырдын айрым строфалары Калык Акиевдин тапшыруусу боюнча 1938-жылы чыккан. «Токтогулдун ырлары» деген китептеги «Токтогул Сибирден келгенде Эшмамбет ырчы менен ырдашканы» деген ырда жарыяланган. Кийин 1940-жылы чыккан жыйнакка бир катар строфалар жаңы кошулуп «Жерди көргөндө» деген ат менен басылган. 1950—1954-жылы чыккан китептерде ошол текст өзгөртүүсүз басылган. Ал эми 1956-жылы чыккан ырлар жыйнагына Коргол ырчыдан дагы 40 жол ыр жазып алынып кошулган. Бул жыйнакка кийинки текст боюнча жиберилди.

«Эңсеген элим, аманбы?». Токтогул Сибирден келгенден кийин аны менен учурашууга келген элге карата ырдаган ырларынан. Биринчи жолу 1940-жылы чыккан ырлар жыйнагына кирген. Кийинки китептеринде басылып келе жатат. Азыр мурунку тексттери боюнча Калык тапшырган материалдын негизинде жиберилди.

«Апакем, аман барсыңбы?» Токтогул Сибирден кайтып өз үйүнө келгенде энеси менен учурашып ырдаган ырларынан. Бул ыр биринчи жолу 1940-жылы

чыккан жыйнакка киргизилип, ошондон бери китептерде жарыяланып келе жатат. Бул ырды Калык Акиев 1939-жылы жазып тапшырган. Ал тексттерде өзгөртүү киргизилген жок.

«Коргол ырчы Токтогулдун баласынын өлгөнүн угузганда». Токтогул Сибирден келгенче анын Топчубай аттуу уулу өлүп калган. Коргол ырчы ошол Топчубайды угузуп, Токтогулга карата ушинтип ырдаган. Биринчи жолу 1940-жылы чыккан жыйнакка киргизилип, ошондон бери китептеринде басылып келе жатат.

«Туткундан келгенде». Бул ыр биринчи жолу 1940-жылы чыккан ырлар жыйнагына киргизилген. Кийинки китептерде да толук басылып келе жатат. Азыркы басылышында эч кандай өзгөртүүлөр киргизилген жок.

«Азыраак чыкты арманым». Токтогул жана башка кишилерди Сибирге айдатууда Эсенбай деген тилмеч болуп, уезддик начальникке аябай каралап, тигилерди кестирүүдө көп аракет кылат. Эсенбай Ташкент шаарынан окуп, орус тилин билген неме эле. Кийин өзү болуш болуп туруп, бир орусту өлтүрүп чоң кылмыш кылып коёт. Текшерүүгө найып келгенде, аны Нарын суусуна салып жибермекчи болуп, сууну көздөй тартат. Эсенбайдын Жолборс деген жигити найыпты кармап калып, Эсенбай жана анын Жолдош деген жигити экөө сууга түшө качып, агып өлүшөт. Токтогул Сибирден келгенден кийин ошол жөнүндө «Азыраак чыкты арманым» деп ырдаган. Бул ыр Коргол ырчыдан жазылып алынган.

«Токтогул менен Эшмамбет». Бул ыр Токтогул Сибирден келгенден кийин Эшмамбет учурашып ырдаган ырынын экинчи варианты болуп саналат. 1940-жылы чыккан жана андан кийинки ырлар жыйнагына киргизилип келе жатат. Мурунку текст бүт сакталды.

«Ниязалыга таарыныч айтуу». Токтогулдун замандашы, ары көңүлү жакын адамы Ниязалы улуу акын Сибирден келгенде атайы келип учурашпаптыр. Токтогул Аксыдагы Ниязалынын үйүнө барып, эл топтолгон соң Ниязалыга таарыныч кылган өңдүү ушул ырын айткан экен. Ыр 1950-жылы Ниязалынын уулу Батыркулдан жазып алынган.

«Орустан алган өбөлгөм». Бул ыр Жумгал району, «Чаек« колхозунда туруучу Карынбаев Кудайбергенден А. Чоробаев 1953-жылы жазып алган. 1956-жылы чыккан ырлар жыйнагында биринчи жолу жарык көргөн. Азыркы басылышында эч кандай өзгөртүүлөр киргизилген жок.

«Тогуз кайрык». Бул ыр Жусубалы Курманбаевден жазып алынган. Жусубалынын айтуусуна караганда, анын агасы Мааткерим 1913-жылы Токтогулга жолукканда бул ырды жаздырып алган экен. Биринчи жолу 1956-жылы чыккан жыйнакта жарыяланган болчу. Фондудагы материалга карай айрым оңдоолор менен жиберилди.

«Кербез». 1940-жылы Токтогулдун ырлар жыйнагында басылган. Кийинки китептерге киргизилип келе жатат. Азыр эч кандай өзгөртүүлөр болгон жок.

«Токтогул менен Тоголок Молдо». Токтогулдун Сибирден келгенден кийин Тоголок Молдо атайы издеп барып учурашканда, ошондо айтылган ырлардан болуп саналат Бул ыр «Токтогул жөнүндө аңгеме» деген ат менен Тоголок Молдонун ырлар жыйнагында басылып келген. Тоголок Молдонун эскермеси боюнча киргизилди.

«Терме». Качан ырдалганы такталган жок.

«Айдалып Токоң Сибирде» — деген ыр жолуна караганда, бул ыр Токтогул сүргүндөн келгенден кийин ырдалган деп болжолдоого туура келет. Бул ырдын кайсы бир куплеттери 1938-жылкы Калык

Акиев тапшырган жыйнакта басылган болучу. Андан кийинки китептерге киргизилип келе жатат.

«Келгендеги кербезим». Атай Огонбаев 1938-жылы тапшырган.

«Тегирменчинин үйүндө». Бул ырды Калык Акиев жазып тапшырган. 1940-жылы чыккан Токтогулдун II томуна («Токтогулдун ырлары жана Калыктын эстеликтери» деген китепке) жарыяланган. Кийинки жыйнактарда (айрыкча 1956-жылы чыккан Токтогулдун жыйнагында) бул ырдын арасында Калыктын түшүндүрмө көркөм кара сөздөрү жана анын Токтогулга саламдашып ырдаганы кыскарып калган. Ал тексттер Токтогулдун ырлары менен ажыралгыс болгондуктан, бир аз оңдоолор менен бул жыйнакка кайра киргизилди.

«Карымшактыкында жана Калыкты элге тааныштыруу». Калыктын 1939-жылы тапшырган материалы боюнча 1940-жылкы китепке «Карымшак дегендикинде», «Элге тааныштыруу» деген ат менен бири-бирине удаа жарыяланып, ага Калыктын Карымшактыкында ырдаган «Зилзаласы» да кошулган болучу. 1956-жылы чыккан акыркы жыйнакта «Карымшак дегендикинде» аттуу ырдагы Токтогулдун Чакырбай сүткорго карата ырдаганы «Чакырбай сүткор» деген ат менен өзүнчө ырга айланып басылган, ал эми Калыктын «Зилзаласы» жана анын ыр арасындагы түшүндүрмө көркөм сөздөрү бүт бойдон кыскартылып калган. Бул ырлар, түшүндүрмө сөздөр бири-биринен мазмун жагынан ажырагыс болгондуктан, азыркы басылышында 1940-жылкы тексттер боюнча кайрадан калыбына келтирилип «Карымшактыкында жана Калыкты элге тааныштыруу» деген жалпы атка бириктирилип, анча-мынча оңдоолор менен берилди.

«Тойдогу айтыш». Бул ыр Калыктын 1939-жылы жазып тапшырган циклдерине кирет. 1940-жылы

«Токтогулдун ырлары жана Калыктын эстеликтери» деген китепке «Тойдогу тамаша» деген ат менен басылган. Кийинки жыйнактарга ушул ат боюнча киргизилген, бирок аларда Калыктын түшүндүрмө сөздөрү кыскарып калган. Азыркы басылышында кыскарып калган түшүндүрмө сөздөр бир аз оңдоолор менен калыбына келтирилип, «Тойдогу айтыш» деген ат менен жиберилди. Анткени бул ырдын мазмунунда эч кандай тамаша жок, тескерисинче Токтогул Накенди күнөөсүз жерден шылдыңдаган Карамырза деген ырчыга карата өзүнүн нааразылыгын билдирип, ырчыларды ынтымакта болууга, сыйлашууга чакырып жатат.

«Анжиян тарабында». Калык 1939-жылы тапшырган. 1940-жылы чыккан «Токтогулдун ырлары жана Калыктын эстеликтери» деген китепте басылган. Кийинки жыйнактарда бул ырдагы Калыктын түшүндүрмө сөздөрү кыскарылып калган. Азыркы басылышында ал түшүндүрмө сөздөр өз калыбына келтирилди жана фондудагы материалдын негизинде жаңыдан төрт сап ыр кошулду.

«Жетимдер жөнүндө». Токтогул Таласка келип калып, бир айылда кемегенин башында отурган эки жетим баланы көрүп, алардын турпатына боору ачыйт. Сураштырса, алар Асанбек, Үсөнбек деген эгиз жетим экен. Ошондо Токтогул ушул ырын ырдаган. Бул

Айдалып жүргөндө 71
Кыйындык түштү башыма 73
Айланган тоонун бүркүтү 78
Ушундайбы сурагың 81
Азапка түштү өмүрүм 82
Аман кетер күн барбы 88
Элиме качан кетемин 89
Бош кой бир аз колумду 91
Туткун ыры 92
Жолдош болбо жаттарга 97
Туткунда жүргөндө 102
Качкандагы ыр 107
Качып келе жатканда 108
Көчөдө өлчү күнүмбү 110
Эриктим эки ай жол жүрүп 116
Казак жериндеги ыр 120
Күңүрөнө күү чалдым 134
Жерди көргөндө 138
Эңсеген элим аманбы 142
Апакем, аман барсыңбы 146
Коргол ырчы Токтогулдун баласынын өлгөнүн угузганда 150
Туткундан келгенде 156
Азыраак чыкты арманым 159
Жардам кылдың калың эл 161
Токтогул менен Эшмамбет 162
Ниязалыга таарыныч айтуу 176
Орустан алган өбөлгөм 178
Тогуз кайрык 178
Кербез 180
Токтогул менен Тоголок Молдо 182
Терме 185
Келгендеги кербезим 198
Токтогул менен Калык тегирменчинин үйүндө 200
Карымшактыкында жана Калыкты элге тааныштыруу 209
Тойдогу айтыш 226
Анжиян тарабында 232
Жетимдер жөнүндө 242
Көңүл айтуу 245
Мындан көөнүм ишенбейт 247
Комментария 248

